| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**АЛА-БУКА РАЙОНУ**<br>**АК-ТАМ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**АЛА-БУКА РАЙОНУ**<br>**АК-ТАМ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** |

Ак-Там айылы с.Ак-Там

20-январь. 2023-жыл. № 12/ 3

**Ак- Там айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын XII сессиясынын ТОКТОМУ №12/3**

**Ак- Там айылдык аймагынын жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2023-жылга бюджетинин сметасын, жайыт акы чендерин бекитүү жана жакынкы жайыттарды деградациядан сактоо жөнүндө.**

Ак-Там айыл өкмөтүнүн жайыт комитетинин төрагасы З.Рыскуловдун маалыматын угуп жана талкуулап, Ак-Там айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Там айылдык аймагынын жайыт комитетинин 2023-жылга бюджетинин кирешеси: 683,2 миң сом, чыгашасы: 683,2 миң сом, анын ичинен айыл өкмөткө 199,2 миң сом, жайыт комитетине 484,0 миң сомго бекитилсин.
2. Ак –Там айыл аймагындагы жайыттарга чыгуучу кара мал жана жылкылардын ар бир башына 140 сомдон, кулундарга 70 сомдон, кой эчкилерге 40 сомдон, козу –улактарга 20 сомдон жайыт акы алынсын.
3. Жакынкы жайыттар деп белгиленген Чанач –Сай ичиндеги Көк –Торпок участкасынан ылдый, Жапа –Салды –Сай ичиндеги Орозов Маманга тиешелүү короодон ылдый,Кызыл Ата –Сай ичиндеги Суук –Жург участкасынан ылдый 1- июндан 15-сентябрга чейин калган ар бир кой –эчки башына 240 сомдон, малдарга ар бир башына 500 сомдон, ар бир жылкы башына 1000 сомдон жайыт акы алынсын.
4. Мыйзамсыз мал алып чыккандарга Кыргыз Республикасынын 2011-жылдын 16-декабрындагы №239 жана 2014-жылдын 17-январындагы №17 мыйзамдарынын негизинде айып пул салынсын.
5. Ушул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу Ак-Там айылдык аймагынын жайыт комитетинин төрагасы З.Рыскуловго жүктөлсүн.
6. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Ак-Там айыл өкмөтүнүн башчысы М.Камчыбековго милдеттендирилсин.

**Ак-Там айылдык кеңешинин төрагасы А. Осмонов**